# Биология

# PISAга багытталган тест

# 7 - класс

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп бергиле.<br>1-суроо: Мите-курттар деген эмнелер?<br>Бир туура жоопту тандагыла:<br>А) активдүү жашоо образдагы организм<br>Б) суу чөйрөсүндө эркин кыймылдоого жөндөмдүү жаныбарлар<br>В) тирүү организмдин ичинде жашап, ага зыян келтирүүчү курттар<br>Г) жаныбарлардын калдыктары же бөлүп чыгарган заттары менен азыктануучу организмдер</td>
<td colspan="2">Адамдардын жана жаныбарлардын мите- курттары<br><br>Оорулуу дарыгерге төмөндөгү даттануулар менен кайрылды: теринин кубарышы, салмагынын азайгандыгы, ичи катуу, кээде ичи өткөндүгү, ичинин көбүшү, кусуу жана жүрөгү айлануу жана ичинин оорушу. Дарыгер алдын ала оорулууда мите-курттардын болушу мүмкүн экендигин болжолдоп, ага башка анализдер менен катар эле мите-курттардын жумурткасын текшерүү үчүн да анализ тапшырууну суранды.</td>
</tr>
<tr>
<td rowspan="5">Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: кубулуштарды илимий түшүндүрүү<br>• Контексти: жеке<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)<br>• Тапшырманын форматы: бир туура жооптуу тандоо<br>• Максималдуу упай: 1<br>• Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу</td>
<td colspan="2">Баалоо системасы</td>
</tr>
<tr>
<td>Упай</td>
<td>Критерийлердин мазмуну</td>
</tr>
<tr>
<td>1</td>
<td>Туура жооп: 3(В)</td>
</tr>
<tr>
<td>0</td>
<td>Башка жооптор же жооп жок</td>
</tr>
<tr>
<td colspan="2"></td>
</tr>
</table>

***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп бергиле.***

**2-суроо:** Эмне себептен аскариданы көпчүлүк учурда жаш балдар жугузуп алышат?

***Бир гана туура жоопту тандагыла:***

А) жумурткалары топуракта болот, балдар көпчүлүк убакта колдорун жуубай тамактанышат

Б) чоңдордун иммунитети күчтүү болгондуктан жумуртканы өлтүрүп салат


В) мите-курттун жумурткасы балдар ичкен сүт аркылуу кириши мүмкүн

Г) балдардын иммунитети алсыз болгондуктан курттун жумурткалары бат өрчүйт

**Адамдардын жана жаныбарлардын мите- курттары**

Дүйнө жүзү боюнча 4,5 млрд ашык адам мителерди жугузуп алышкан, алардын 70% жаш балдар. Ошондуктан мектептердеги жана бала бакчалардагы балдардан бат-баттан мите-курттардын жумурткасын текшерип турушат. Жаш балдарда аскарида митеси чакырган-аскаридоз оорусу бир топ кеңири таралган.

Аскариданын жашоо циклы



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: кубулуштарды илимий түшүндүрүү
- Контексти: жеке
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)
- Тапшырманын форматы: бир туура жооптуу тандоо
- Максималдуу упай: 1
- Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу

**Баалоо системасы**

| Упай | Критерийлердин мазмуну |
|---|---|
| 1 | Туура жооп: 1 (А) |
| 0 | Башка жооптор же жооп жок |
| | |

***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп жазгыла.***
**3-суроо:** Эмне себептен дарыгер үй жаныбарларын дагы текшерткиле деп айтты?
*Жоопторуңарды жазгыла:*

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

**Адамдардын жана жаныбарлардын мите- курттары**

Анализдин жыйынтыгы боюнча жаш балада мите-курттардын жумурткасы бар- деген тастыктоо чыкты. Дарыгер ооруну айыктыруучу дарыларды жазып жатып, эгерде үйдө мышык, ит болсо, анда сөзсүз түрдө аларды санитардык көзөмөлдөөгө алып баргыла деп кеңеш берди.



**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын колдонуу
- Контекст: жергиликтүү
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: төмөнкү (репродуктивдүү)
- Тапшырманын форматы: кенен(толук) жооп берүү
- Максималдуу упай:2
- Текшерүү ыкмасы: эксперт аркылуу

**Баалоо системасы**

| Упай | Критерийлердин мазмуну |
|---|---|
| 2 | Туура жооп: 1. Мышыктар жана иттер көпчүлүк учурда мите-курттардын туруктуу же убактылуу ээлери болуп саналат. 2.Жаш бала ушул үй жаныбарларынан жуктуруп алышы мүмкүн. |
| 1 | Эки элементтин бири жазылса |
| 0 | Башка жооптор же жооп жок |

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого өз жообуңарды жазгыла.<br>4-суроо: Эгерде сизге эскертүүлөрдү жаз деген тапшырма берилген болсо:<br>“Мите курттарды жугузуп алууну эскертүүнүн негизги чаралары” боюнча, коопсуздуктун кайсы эки негизги эрежелерин атайт элеңер?<br>Өз жообуңарды жазгыла:<br>1.____________________________________________<br>2.____________________________________________</td>
<td>Адамдардын жана жаныбарлардын мите-курттары<br><br>Бүгүн бейтапканадан дарыгерлер келип, мите-курттар тууралуу айтып беришти: адамдар кенедей микроорганизмдерден тарта метрге чейин жеткен 2000ден ашык мите курттардын түрлөрүнүн “ээси” боло алат. Мителерди адамдын денесинин каалаган жерлеринен: өпкөдөн, боордон, булчуңдардан, мээден, териден жана көздөн да кездештирүүгө болот. Мындан сырткары мите-курттарды жугузуп алуунун алдын алуу чаралары менен дагы тааныштырышты.</td>
</tr>
<tr>
<td>Тапшырманын мүнөздөмөсү<br>• Баалоонун мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар<br>• Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын колдонуу<br>• Контекст: жеке<br>• Тапшырманын татаалдык деңгээли: орто (продуктивдүү)<br>• Тапшырманын форматы: кенен(толук) жооп берүү<br>• Максималдуу упай: 2<br>• Текшерүү ыкмасы: эксперт аркылуу</td>
<td>Баалоо системасы
<table>
<tr><td>Упай</td><td>Критерийлердин мазмуну</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Жооп төмөндөгү каалаган 2 пункттан турат:<br>1. Дааратканага барып келгенден кийин жана тамак ичээрдин алдында колду самындап, жылуу суу менен жуугула.<br>2. Эч качан жуулбаган жашылча-жемиштерди, мөмөлөрдү жебегиле.<br>3. Жакшы бышпаган жана толук куурулбаган эт жана балыктарды колдонбогула.<br>4. Жаныбарларды кармагандан кийин колду жакшылап, таза жугула.</td></tr>
<tr><td>1</td><td>Бир пункттан турган гана жооп жазылса</td></tr>
<tr><td>0</td><td>Башка жооптор же жооп жок</td></tr>
</table></td>
</tr>
</table>

***Оң тараптагы текстти окуп чыккыла жана суроого жооп бергиле. Таблицадагы сол жакта берилген ар бир элементке оң жактагы Ооба/Жок элементтердин ичинен дал келгенин табыңыз.***

**5-суроо: Булардын кайсынысы чындык, кайсынысы жалган?**

***Жооптордун ичинен туурасын "Ооба", катасын "Жок" деп белгилегиле:***

| | Белгилер | Ооба | Жок |
|---|---|---|---|
| 1 | Этти узакка тоңдуруу, туздоо, ыштоо менен митеден арылууга болот. | | |
| 2 | Аллергиялык реакциялар- бул мите-курттарды жугузуп алгандыгыныздын белгиси. | | |
| 3 | Оорунун алдын алуу үчүн мите-курттарга каршы дарыларды ичүү керек. | | |
| 4 | Эт 2.5-2 сааттан кем эмес убакыт аралыгында бышырылышы зарыл. | | |

**Адамдардын жана жаныбарлардын мите-курттары**

Интернет желесинен мите курттардан сактануу жолдору, оорунун белгилери тууралуу көптөгөн кеңештерди табууга болот. Кай бирлери коркконунан "алдын алуу үчүн" дарыланып организмин ууланта беришет. Башкалары болсо, мителерди бардык эле организмдердин адаттагы эле жашоочусу катары кабыл алышат.

**Тапшырманын мүнөздөмөсү**

- Баалоонун мазмундук чөйрөсү: жандуу системалар
- Баалоонун компетенттүүлүк чөйрөсү: табигый-илим изилдөө ыкмаларын колдонуу
- Контекст: жергиликтүү
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: жогорку (креативдүү)
- Тапшырманын татаалдык деңгээли: дал келтирүү
- Максималдуу упай: 2
- Текшерүү ыкмасы: программа аркылуу

**Баалоо системасы**

| Упай | Критерийлердин мазмуну |
|---|---|
| 2 | 1 жок; 2 ооба; 3 жок; 4 ооба. |
| 1 | Эки же үч туура жооп тандалса |
| 0 | Башка жооптор же жооп жок |